**Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практикадан өткөрүү боюнча**

# КЕЛИШИМ

Ош шаары "24" 02 2021ж.

Биз, төмөндөгү кол коючулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Г. К. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана Бириккен жаштар уюмунун түштүк рег.н фил.н жетекчиси Толиштбек у Бекмамат ОшМУда практикаларды уюштуруп өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген кафедрадан практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Факультет, колледж студенттерди адистикке калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткөрөт;

1.6. Мекеме ишканалар менен биргеликте конференцияларды, окуу-усулдук семинарларды, маданий-массалык иш чараларды өткөрүүдө дайыма кызматташат.

**2. "Ишкана" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун Эл аралык мамилелер факультетинин "аймак таануу", "эл аралык мамилелер" адистиктеринин студенттерине практикадан өтүү үчүн календарлык планга ылайык ______ орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча эрежелер менен тааныштырат;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү иш кагаздар менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. Эл аралык мамилелер факульттетинин "аймак таануу", "эл аралык мамилелер" адистиктеринин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

Scanned with CamScanner

2.5. Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы укуктук ченем актыларын коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин белгилүү тартипте тааныштыргандан кийин колдоно алат;

2.6. Окуу - таанышуу, өндүрүштүк жана квалификациялык практиканын аягында ар бир студентин аткарган жумушу боюнча жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.7. Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопту;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан “ОшМУ” экинчи тараптан “Ишкана” кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2021 - жылдын 24.02 2026-жылдын 24.02. айына чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири “ОшМУда” экинчиси “Ишканада” сакталат.

| | |
|---|---|
| Ош мамлекеттик университети | Тараптардын дареги |
| 723510 Ош шаары Ленин көч.331 | Ош шаары |
| ИНН 02071996100176 | Мамырова |
| **ОшМУнун ректору** | 45 А үй |
| **профессор К. Т. Кожобеков** | |